Ош Мамлекеттик университети
Эл аралык медицина факультети
Табигый илимдер жана математика кафедрасы
Улук окутуучу, б.и.к. К. Иматали кызынын 2021-2022 - окуу жылы үчүн

**ОТЧЕТУ**

*а) окуу-усулдук багытындагы аткарган иштери:*

- Бөлүштүрүлгөн жалпы 1256 сааты (1,5 ст.) контракттан бөлүнүп, 1-жарым жылдыкта "Химия" предмети боюнча лекциялык сааттардын, лабораториялык сабактардын жүктөмү аткарылды. «Дарылоо иши» адистиги боюнча 2021-2022-окуу жылында "Химия" предмети боюнча 6 жылдык жана 5 жылдык окуу пландары боюнча окуп жаткан студенттер үчүн силлабус, жумушчу программалар толукталып түзүлдү. Баалоо каражаттарынын фонду: учурдагы жана аралык текшерүү үчүн баалоо каражаттары жана критерийлери, жыйынтык текшерүү үчүн 500 экзаменттик тесттик суроолор түзүлдү.

- Модулдук-рейтинг системасын уюштуруу, өткөрүү боюнча тесттик суроолор, кырдаалдык маселелер, билеттер даярдалды.
- Лабораториялык сабактарда темалар боюнча лабораториялык жумуштар аткарылды. Өз ара сабактарга Жумаева А.Т., Тангатарова С.Б. жана Маматова Р.М.нын сабактарына катыштым.

*б) илимий-изилдөө, окуу-усулдук китепчелерди түзүү, басмага даярдоо багытындагы аткарган иштери:*

| № | Макаланын темасы | Макала жарыяланган журналдын аты | Журналдын веб-сайтына шилтеме |
|---|---|---|---|
| 1. | Химия сабагын окутууда элдик педагогиканын элементтерин колдонуунун өзгөчөлүгү | Вестник ОшГУ. № 4, Т.2, 2021. С.179-185<br>ISSN 1694-7452 | https://elibrary.ru/item.asp?id=47956220 |
| 2. | Анализ содержания ртути в водах города Айдаркен | Экологический вестник Северного Кавказа.<br>№ 4, Т.17, 2021.С.59-63<br><br>ISSN 2308-3875 | https://elibrary.ru/item.asp?id=47254681 |
| 3. | Химия 8-9- класс. Схемалар жана тесттер (окуу китеби) | Окуу куралы, Ош-2021.<br>114 – б. | |

*в) студенттердин өз алдынча иштерин уюштуруу багытындагы аткарган иштери:*

- студенттердин өз алдынча иштерин белгиленген план боюнча аткарды. Жумасына 1 жолу коюулуучу графиктин негизинде 16.00дөн 18.00гө чейин «Химия» предмети боюнча жетишүүсү начар студенттерге консультациялар уюштурулду.

- Илим жумалыгына карата 2022-жылдын 15-апрелинде 1- курстун студенттеринин арасында «Химия медицинада» деген темада конкурс болуп өттү. Конкурска жалпысынан 5 команда катышты. Конкурстун жүрүшүндө 5 этап боюнча командалар өздөрүнүн билимдерин, чеберчиликтерин көрсөтүштү.

*д) кураторлук, уюштуруу жана коомдук иштер багытындагы аткарган иштери:*
ИНл-12-21 тайпасына куратор болуу менен жумасына 1 жолу жадыбал боюнча кураторлук сааттар өтүлдү. Университеттин, факультеттин коомдук иштерине, ишембиликтерине активдүү катыштым.

**Семинар /Тренингдерге катышуу/ <u>Конференцияда доклад окуу(+)</u>**

| № | Семинарлар/конференциялар | Өткөрүлгөн жери | Дата | Жыйынтыгы |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Инновации в сфере медицинской науки и образования | ОшМУ, Эл аралык медицина факультети | 2022-жыл, 27-май. | сертификат |